# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН ПЛЕНУМУНУН ТОКТОМУ

2025-жылдын 25-декабры Бишкек шаары

№ 36

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2003-жылдын 2-апрелиндеги № 7 «Контрабанда жөнүндөгү иштер боюнча соттук практика тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Мыйзам чыгаруу жаатындагы өзгөрүүлөргө жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомдорун инвентаризациялоонун алкагында, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Конституциялык мыйзамынын 18-беренесинин 7-пунктуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламентинин 3.2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму **токтом кылат:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2003-жылдын 2-апрелиндеги № 7 «Контрабанда жөнүндөгү иштер боюнча соттук практика тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин.

Токтомдун преамбуласы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Экономикалык чөйрөдөгү мыйзамсыз аракеттердин өсүшү мамлекеттик өнүгүүнүн туруктуулугуна терс таасирин тийгизип, экономикалык, саясий жана социалдык реформаларды ишке ашырууну татаалдаштырат. Контрабанда — кылмыштуу ишмердүүлүктүн эң кооптуу түрлөрүнүн бири болуп, өлкөнүн экономикасына жана тышкы соода тартибине олуттуу зыян келтирет. Бул категориядагы иштерди кароо учурунда соттор кылмыштуу ишмердүүлүккө катышкан бардык адамдарды, контрабанда буюмдарынын келип чыгуу булактарын жана ага көмөктөшкөн кызмат адамдарын аныктоого тийиш.

Мыйзамдарда белгиленген контрабанда үчүн жоопкерчиликти бирдей колдонулушун камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму токтом кылат:».

1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Соттордун көңүлүн контрабанданын өзгөчө кооптуу мүнөзүнө буруу зарыл, анткени ал мамлекеттин экономикасына жана ар кандай уюмдардын ишмердүүлүгүнө олуттуу зыян келтирет. Контрабандага каршы күрөш мыйзамдын талаптарын так сакталып, адилеттүүлүк, өлчөмдүүлүк жана атаандаштык принциптерин камсыз кылуу менен жүргүзүлүүгө тийиш.».

2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Көрсөтүлгөн категориядагы иштерди кароодо соттор ар бир иштин жагдайларын ар тараптуу жана объективдүү изилдеп, тараптарга процессуалдык укуктарын толук жана сапаттуу ишке ашыруусу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылууга тийиш. Кылмыш ишинин бардык катышуучуларын аныктоого жана жоопкерчиликке тартууга, ошондой эле контрабандалык буюмдарды мыйзамсыз сатып алуу булактарын жана аларды сатуу каналдарын аныктоого өзгөчө көңүл буруу керек.».

3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Контрабанда — бул Евразия экономикалык биримдигинин Кыргыз Республикасындагы бажы чек арасы аркылуу же анын сыртында товарларды же башка буюмдарды олуттуу өлчөмдө бажы контролунан тышкары, жашыруу жолу менен документтерди же идентификациялоо каражаттарын алдап колдонуу менен, же декларация кылбоо, же анык эмес декларациялоо менен алып өтүү. Көрсөтүлгөн учурларда күнөө тикелей ниет формасында гана болушу мүмкүн: адам өзүнүн иш-аракеттеринин мыйзамсыз мүнөзүн түшүнөт, алардын аткарылышын каалайт жана мыйзам менен тыюу салынган өткөрүү ыкмаларын колдонуп жатканын түшүнөт.».

4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Жосунду туура квалификациялоо үчүн төмөнкүлөр эске алынсын: бажы аймагы жана бажы чек арасы — бажы контролунун чектерин аныктаган аймактар, анын ичинде эркин зоналар жана кампалар; өткөрүү — каалаган ыкма менен, анын ичинде эл аралык почта жөнөтүүлөрү, түтүк өткөрмө транспорт же электр берүү линиялары аркылуу алып келүү же алып чыгуу аракеттери; декларациялоо жана бажы жол-жоболоштуруу тартиби милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.».

5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5. Контрабанданы жасоо ыкмаларынын мазмуну сотторго төмөндөгүдөй түшүндүрүлсүн: контролдон тышкары өткөрүү — белгиленген жерлерден жана жол-жоболоштуруу убактысынан тышкары алып келүү же алып чыгуу; жашыруу менен өткөрүү — жашыруун жайларды жана аны аныктоону кыйындаткан башка ыкмаларды колдонуу же бир товарды башка товар катары көрсөтүү; документтерди же идентификациялоо каражаттарын алдоо жолу менен колдонуу — жасалма, мыйзамсыз алынган же анык эмес маалыматтарды камтыган документтерди көрсөтүү, пломба, мөөр, маркировкаларды жасалмалоо же окшош белгилерди түшүрүү; декларация кылбоо же анык эмес декларациялоо — маалыматтарды толук же жарым-жартылай билдирилбей коюлушу же чындыкка дал келбеген маалыматтардын көрсөтүлүшү.

Бул ыкмалар заманбап санариптик формаларды да камтыйт: жасалма электрондук декларацияларды тариздөө, маалыматтык системаларга алыстан жалган маалыматтарды киргизүү, санариптик идентификаторлорду жана товардык коддорду алмаштыруу, жасалма QR-коддорду жана электрондук санариптик колтамгаларды колдонуу.».

6-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«6. Кылмыштын предмети болуп товарлар же башка буюмдар эсептелет: ар кандай кыймылдуу мүлк, анын ичинде валюта баалуулуктары, баалуу кагаздар, жол чектери, электр энергиясы жана башка өткөрүлүүчү нерселер, ошондой эле алардын өткөрүлүшү атайын тартип менен жөнгө салынган товарлар (анын ичинде куралдар, ок-дарылар, баңгизат каражаттары, психотроптук заттар, прекурсорлор, маданий баалуулуктар, стратегиялык маанилүү товарлар).».

7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«7. Административдик жоопкерчиликтен айырмаланып, кылмыш-жаза жоопкерчилиги контрабанданын предметтерин олуттуу өлчөмдө өткөрүүдө келип чыгат. Олуттуу өлчөм — кылмыш жасалган учурга карата 5000ден 50000ге чейинки эсептик көрсөткүчкө барабар сумманы түзгөн нарк. Нарк эркин рыноктук баалардын негизинде же эксперттин корутундусуна ылайык аныкталат. Контрабанда бажы чек арасы аркылуу мыйзамсыз алып

өтүү иш-аракетинин жасалышы менен аяктаган кылмыш болуп эсептелет. Өткөрүү жосуну аяктаганга чейин токтотулган болсо, бул аракет кылмышка аракеттенүү катары бааланат. Соттун өкүмүндө контрабанданын кандай ыкмасы белгиленгени так көрсөтүлүшү керек».

8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«8. Өткөрүүнүн атайын тартиби белгиленген предметтерге жогорулатылган кылмыш-жаза укуктук баа берилет: баңгизат каражаттары, психотроптук заттар, алардын аналогдору жана прекурсорлор; күчтүү таасир этүүчү, уулуу, радиоактивдүү жана жарылуучу заттар; курал-жарак, жардыруучу түзүлүштөр, атуучу курал жана ок-дарылар; массалык жок кылуучу куралдардын түрлөрү жана аларды жасоодо колдонулуучу материалдар, технологиялар жана жабдуулар; стратегиялык маанилүү товарлар; маданий дөөлөттөр.».

9-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9. Контрабанданы жана башка кылмыштарды бир учурда жасаган жагдайда жосун тиешелүү кылмыш курамдарынын жыйындысы боюнча квалификацияланат.».

10-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«10. Контрабанданы кызмат адамы кызматтык абалынан пайдалануу менен жасаган деп таануу үчүн анын кызматтык функциялары же кызматтык мүмкүнчүлүктөрү мыйзамсыз алып өтүүгө колдонулган болушу керек. Контрабандага көмөктөшүп, ал үчүн сый акы алган кызмат адамдарынын аракеттери кылмыштардын жыйындысы боюнча квалификацияланат. Жаза дайындоодо белгилүү бир кызмат ордун ээлөө укугунан же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу маселеси каралышы зарыл.».

11-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«11. Контроль жүргүзүүчү адамга карата зомбулук колдонуу менен жасалган контрабанда зомбулук аракеттеринин мүнөзү жана кесепеттери эске алынуу менен квалификацияланууга тийиш. Өлүмгө же ден соолукка оор залал келтирилген учурда жасалган жосун өмүргө жана ден соолукка каршы кылмыштардын жыйындысы боюнча квалификацияланат.».

12-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«12. Уюшулган топ деп, бажы чек арасы аркылуу мыйзамсыз алып өтүүнү бир же бир нече жолу жасоо үчүн алдын ала бириккен эки же андан көп адамдардан турган туруктуу топ таанылат. Туруктуулук катышуучулардын алдын ала макулдугун, бөлүнгөн ролдорун жана биримдигин камтыйт.».

13-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«13. Соттук чечим чыгарууда соттор кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарынын талаптарын так сактоого, жосундун сыпаттамасынын толуктугун жана далилдерге берилген баанын жүйөлүүлүгүн камсыз кылууга, ошондой эле иштерди кароонун мыйзамда белгиленген мөөнөттөрүн сактоого тийиш.».

14-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«14. Контрабанданын предмети буюм далил катары мамлекеттин кирешесине өткөрүлөт. Кылмыш куралы катары пайдаланылган ташуучу жана башка каражаттар, эгерде

алар менчик ээси тарабынан кылмыштын предметтерин жашыруу, маскировкалоо же табууну татаалдаштыруу үчүн пайдаланылган шартта конфискацияланууга жатат. Эгер алар башка адам тарабынан менчик ээсинин билүүсү менен колдонулган болсо, бардык каражаттар конфискацияланууга тийиш. Контрабанданын буюмдары автоприцептердин жашыруун жайларынан табылган учурда автопоезд бүтүндөй, бирдиктүү ташуу каражаты катары конфискацияланууга тийиш.».

15-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«15. Чет өлкөлүк товарлар, конфискацияланган же мамлекеттин кирешесине өткөрүлгөн жана ошондой эле өндүрүлүп алынган товарлар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте сатылууга же жок кылынууга тийиш.».

16-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«16. Жазаны дайындоодо соттор анын күнөөсүнүн даражасына, келтирилген зыяндын мүнөзүнө жана оордугуна, ошондой эле кылмыштардын алдын алуу максаттарына ылайык келишин камсыз кылышы зарыл. Жасалган жосунга ачык түрдө жарашпаган же кылмыш-жаза жоопкерчилигинин максаттарына жетүүгө мүмкүндүк бербеген жаза чараларын дайындоого жол берилбейт.».

17–20-пункттар менен толукталсын:

«17. Соттор көрсөтүлгөн категориядагы иштерди талаптагыдай, өз убагында жана сапаттуу карoo боюнча чараларды көрүүгө, ошондой эле уюштуруучуларды жана башка катыштыгы бар адамдарды аныктоонун толук болбогону менен байланышкан алдын ала тергөөнүн кемчиликтерине тиешелүү жагдайда реакция кылууга тийиш.

18. Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө контрабанданы жасоого өбөлгө болгон себептер жана шарттар аныкталганда, сот компетенттүү органдар тарабынан жоюлушу тийиш болгон жагдайларды көрсөтүү менен жеке аныктама чыгарууга укуктуу.

19. Сотторго методикалык жардам көрсөтүү үчүн көмөкчү материалдарды — контрабандалык схемалардын типологияларын, болжолдуу формулировкаларды, административдик жана кылмыш-жаза жоопкерчилигинин айырмачылыктары боюнча салыштырма таблицаларды, сот практикасынан жасалган обзорлорду даярдоого жана актуалдаштырууга жол берилет. Аталган материалдар маалыматтык мүнөзгө ээ болуп, токтомдун укуктук табиятын өзгөртпөйт.

20. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Регламенти менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **М.А. Сатыев**

**Пленумдун катчысы,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун судьясы** **Т.Т. Чаргынова**